•Конкурска: Ордолуу шаарым – Ош пирим•

# Ош шаарынын байыркы сырлары

Адам баласынын турмушу көркөмдөп айтканда албууттанган деңиз толкундарына окшошуп кетет. Турмуш толкуну аны кайсы тарапка сүрүп таштаарын аңдай албайт. Бул адамдын тагдырына байланыштуу нерсе окшойт. Турмуш толкуну 1965-жылы мени ушул касиеттүү Ош шаарына алып келип таштаган эле. Мына андан бери 40 жылга жакын убакыт чотун кагып, кара чач ак болуп карылыкка кадам коюптурмун. Демек, бул убакыттын аралыгындагы ордолуу Ош шаарымда болуп өткөн өзгөрүүлөр менин көз алдымда болуп өттү. Анда эмесе, менин сүйүктүү шаарым жөнүндөгү сөзүбүздү андан ары уланталы. Алгачкы сөз тарыхтын сырдуу барактары жөнүндө болсун.

"Ош" деген сөздүн кайдан чыккандыгы жөнүндө азырынча так илимге негизделген маалымат жок деп кесе айтууга туура келет. Бирок, эл оозунда түрдүү легендалар жашап келатканы бизге белгилүү. Бул сөздүн этимологиясын изилдеп келгенде бардыгыбызга эң жакын түрк тилдеринин составындагы бир катар окшош сөздөрдүн тизмесин келтирүүгө болот. Андай сөздөрдүн бири "Хош" деген сөз. Экинчиси мал айдагандагы "өш-ш" деген сөз. Демек, мындан шаарыбыздын аталыш тарыхы байыркы көчүп-конуп жашаган көчмөн уруулар сактардын, усундардын мал чарбачылыгына байланыштуу аталганын да танууга болбойт. Ал эми үчүнчү дагы бир аталышы бул "Манас" эпосунда сакталып калган баян: Манас Алтайдан Алатоого келгенде Алай багыты аркылуу нечендеген ашуу-белдерди арытып, узун жолдорду чаңытып, аскерлери менен эки дарыянын ортосундагы жайылып жаткан жерге токтоп, жааларын октоп, кийик, кулжа атып өргүп тыныгышат да кулжалуу өрөөндү Каракулжа деп атын коюп, Өзгөнгө келип шаарды түптөп, бул жер Өзкент (өзшаар) деген ат коюп, Акбууранын кечип өтүп азыркы Сулаймантоонун бооруна чыгып:

"Чыгыш жагы суу экен,  
Батыш жагы тоо экен.  
Эки жагын өмөлөп  
Тосуп койсо чеп экен" - деп суктанып, бул жер Ошпурдун шаары Ош болсун деген оюн айтып андан ары аттанып кеткени баяндалат. Демек, биз бүгүн тарыхтын катма-



дарынын бири Гузган облусунун ээлик кылуучусу Абил Харрис Мукамед ибн Ахмадга арналып жазылган. Автор өзү түшүнүк бергенине караганда бул географиялык эмгектин негизги максаты - ага белгилүү болгон дүйнөнүн элдүү бөлүгү тууралуу жалпы жонунан чагылдырып берүү болгон. Бул эмгектин баалуу жагы болуп Орто Азия жөнүндөгү маалыматтар эсептелет. Ошону менен бирге азыркы Кыргыз Республикасынын аймагына, анда жашаган кыргыз эли, анын шаарлары, көлдөрү, дарыялары жана жолдору жөнүндөгү маалыматтарды кезиктиребиз. Ал эми байыркы Ош шаары жана ага чектеш жаткан, кошуна турган облустар тууралуу да аз эмес баяндарды учуратабыз. Мисалы, кыргыз аймактары жөнүндө мындай бир кызыктуу маалыматты келтирет:

**"Чыгышынан Чин облустары жана Чыгыш океаны, түштүгүнөн тогуз-гуздардын, анча-мынча халлуктардын, батышынан хикмактардын жашаган жерлери менен чектешет. Ал эми түндүгүнөн эл отурукташпаган аймактар. Анткени, суuктун күчүнөн ал жерлерде жашоого мүмкүн эмес. Бул облустан көптөгөн мускус, аң терилери, каллак жыгачы, бычактын сабы үчүн топоздордун мүйүзү өндүрүлөт. Бул** дердин бири гана болчу. Ал эми азыркы Ош шаары орношкон өзү илимпоздордун айтуусу боюнча эң татаал геологиялык тарыхты башынан өткөргөн. Шаардын аймагынын ар түрдүү бөлүгүнөн жер тектеринин жашы боюнча бири биринен өтө чоң айрымачылыктар байкалган. Кийинчерээк илимий дүйнөдө шаардын аймагынан палеозой доорунун жер тектери бар экендиги бир топ кеңири мааниге ээ болгон эле. Бул палеозой доорунун жер тектерине шаардын батыш тарабын көздөй созулуп жаткан Сулаймантоосунан тартып, Чилмайрам, Чилустун, Ташата кырка тоолору ээ экендигин илимпоздор далилдешкен.

Айтор, шаарыбыздын байыркы сырларын аңтара келгенде ар түрдүү илимий божомолдор, далилдер, аныктамалар арбын эле. Бирок, ошого карабай эл отурукташа, шаар тибине өтө баштаган мезгили качан башталганын археологиялык казуулардан кийин гана аныкталганы бизге белгилүү. Бул тууралуу өзүнчө кеп кылуу зарылдыгы туулат.

Мурунку Ош облустук музейинин кызматкери Елена Дружининаны чыгыштын эң эски жана байыркы Ош шаарынын тарыхы кызыктырбай койгон эмес. Ал 60-жылдардын аягында Ленинград мамлекеттик университетин жаңыдан бүтүрүп келип, Ош облустук тарыхый музейинде иштеп калганына барыбыз күбө болгонбуз. Аны менен бирге иштешип жүргөн археолог Чейлытко да бар болчу. Алар шаарыбыздагы



ным эсимде турат:

Сен шаарым - колду серпип  
Алп тоолордун калпагына,  
Арчындап ашууларды -  
Жолдоруңа - арканыңа,  
Фаргана өрөөнүнүн баш жагына  
Табийгат - сулуу кыздын  
Колунан түшүп калган  
Бермет сымак туюласың, -  
Токтоп калган тоолордун алкагына!

Чындыгында Фаргана өрөөнүнүн берметти Ош шаары экенин анын төрт чокулуу Сулаймантоосу, аңтарылып агып жаткан Акбуура дарыя далилдеп турат. Шаардын чок ортосуна туруп калган тоону дүйнө шаарларынан эң эле аз кездештиребиз. Алыстан көзгө сүйкүм көрүнүп жүргүнчүлөрдү өзүнө чакырып турган бул тоо - шаарыбыздын байыркы сырларын өзүндө катып жаткан тура. Байыркы бабаларыбыздын урунган буюмдарын, колдонгон куралдарын, алар жашаган жер тамдарынын ордун кылымдарга сактап келген окшобойбу! Археологиялык казуулардын учурунда тоонун түштүк тик капталынан отурукташуунун үчүнчү орду табылып бардыгыбызды таң калтырып жатпайбы?! Иш учурунда үч тектирчеден турган 10 жер тамдын орду казылып, андан 15 адам жашаган бөлөлмөлөрдүн бар экени такталган. Жашоочулардын дасыккан куруучулар болгонун изилдөөлөр көрсөттү. Жыгачтан жана таш-

**•Конкурска: Ордолуу шаарым – Ош пирим•**

# Ош шаарынын байыркы сырлары

(Уландысы. Башы 3-бетте)

**4.Президентибиз А.Акаевдин чечкиндүү кадамы**

Ош шаарынын Орто Азия аймагында эле эмес бүтүндөй мурунку Союздук республикалардын аймагындагы эң байыркы шаар экендиги жөнүндөгү макалалар массалык маалымат каражаттары аркылуу бүтүндөй өлкөгө тарап жатты. Ал маалыматтарда Ош шаары байыркы Рим шаары менен жашташ экендиги жөнүндөгү ой-пикирлер да жок эмес эле. Бирок, мындай шаарыбыздын эң байыркылыгына каршы чыккан макалалар, ой-пикирлер да айтылбай койгон эмес. Мындай талаш-тартыштуу маселелерге илимий багытта бир жаңсыл баа берилиши зарыл эле. Бул маселе Кыргыз Республикасы өзүнчө эркин эгемендүү мамлекет болуп өз укугун өз колуна алгандан кийин гана иш жүзүнө ашканына биз бардыгыбыз күбө болдук.

Кыргыз Республикасынын биринчи Президенти урматтуу Аскар Акаев илимпоз адам катары көп жылдардан бери айтылып, бирок, иш жүзүнө ашпай келе жаткан, улутубуздун кадырбаркын, элдик нарк-санатын бийикке көтөрө турган олуттуу маселелерге биринчи болуп көңүл бурду. Ал өзүнүн жардыгы менен "Манас" эпосунун 1000 жылдыгын өткөрүүнү колго алды. Бишкек, Талас жеринде өткөрүлгөн бул майрам дүйнө элдерине дүңгүрөдү. Ал эми буга чейин Курманжан Датканын улуулугун далдазалаган зор маараке Алай жеринде болуп өткөн болчу. Булардын бардыгы кыргыз элинин улут катары, нарк-насилдүү маданияты калыптанган байыркы эл катары зоболосун бийикке көтөргөн болчу. Аралыктан аз эмес убакыт өтпөй **1996-жылдын 25-мартында Президентибиз Аскар Акаев "Ош шаарынын 3000 жылдыгын майрамдоо жөнүндөгү" тарыхый Указга кол койгон эле. Ал Указда "Ошто отурукташуу Борбордук Азияда эң байыркы мезгилден башталганын, Кыргызстан элинин тарыхында жана маданиятында, анын мамлекет катары калыптануусунда өзгөчө орунду ээлей тургандыгын, ошондой эле көпчүлүктөн түшүп жаткан көп сандаган сунуштарды эске алгандыгын" белгиленген эле. Ал эми 2000-жыл Ош шаарынын 3000 жылдыгын жалпы элдик майрамдоонун жылы деп жарыяланган болчу.**

Белгилүү бул тарыхый чечимден кийин Улуттук уюштуруу комитети түзүлүп, анын жоболору иштелип чыгып, маракеге даярдык көрүү иштери коомчулук тарабынан колго алынган. Ош шаары Кыргызстандагы маанилүү маданий, илим-билим берүү жана туристтик борбор катары анын социалдык инфраструктурасын чечүү маселелери тездетиле баштаган. Улуттук уюштуруу комитети 1996-жылдан 2000-жылга чейинки мезгилде Ош шаарын өнүктүрүүнүн программасын иштеп чыгып, эң негизги курулуш обьектилерин куруп бүтүрүү жөнүндөгү чечимди Өкмөттүн кароосуна киргизген эле. Ошентип, Ош облустук тарыхый музейдин, Ош облустук телерадио компаниясынын, шаардык стадиондун, Р.Абдыкадыров атындагы филармониянын имараттарын куруу, реконструкциялоо жумуштары башталып, айрым негизги көчөлөр асфальтталып, бак-дарактар олтургузулуп, үйлөр сырдалып-акталып шаарды жандуу тартиптештирүү кызуу жүргөн.

Эң негизги маселе - Ош шаарынын байыркылыгы жөнүндөгү илимий чөйрөдөгү талаш-тартыштарга акыркы чекитти коюу иши турган. **Бул иш боюнча Ош мамлекеттик университетинин илимпоздору профессор Бектемир Мурзаибраимовдун демилгеси астында чет өлкөлүк тарыхчылар, этнографтар, археологдор жана башка илимдердин өкүлдөрү катышкан илимий конференцияны өткөрүшүп - Ош шаары Орто Азия өлкөлөрүндөгү эң бир байыркы, ал турсун үч миң жылдан ашык тарыхы бар көөнө шаар экендигин тастыкташкан болчу.** Бул иштердин бардыгы кыргыз элинин сан кылымдарды арытып, не бир калабалуу доорлордон өтүп, кыргын согуштарды, көчмөн турмушту башынан кечирип бүгүнкү цивилизация мезгилине жетип келген тарыхы үчүн жасалган мамлекеттик деңгээлде өткөрүлгөн иш чаралардын эң негизгиси эле.

Ошентип, мезгил деңгөлөгү айланып, замандар алмашып, нечендеген кайгылуу доорлордун оор, татаал жүгүн башынан кечирген шаарыбыздын тургундарынын жашоо турмушу, чарбачылыгы, ар түрдүү сырттан басып кирген баскынчыларга каршы жүргүзгөн күрөшү жөнүндө өзүнчө кеп кылууга арзый турган узун тарых. Андыктан Ош шаарынын Жибек жолу мезгилиндеги, тарыхый орду, Караханид каганатынын мезгилиндеги, монгол баскынчыларынын учурундагы, Хайду мамлекет жана Темирхандын жүрүштөрү мезгилиндеги абалы, тарыхта ээлеген орду жөнүндө экинчи макалада кененирээк сөз кылуу жагдайы келип чыгууда. Ошентип, ордолуу Ош шаары тууралуу жазылган биринчи макаланын аягына азырынча чекит коймокчубуз.

**Кармышак ТАШБАЕВ (Аликетегин),**
**акын-жазуучу,**
**Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери**